Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин аспиранты Осмоналиева Сабира Чоёновнанын “Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына илимий жетекчинин

**ПИКИРИ**

Аспирант С.Ч.Осмоналиеванын педагогикалык, методикалык изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн тандаган темасы актуалдуу. Анткени азыркы ааламдашуу доорунда балдардын кол жазма сулуулугун калыптандыруу үчүн аткарылуучу, жүргүзүлүүчү жумуштарды үйрөтүү жана окутуу түшүнүү денгээли төмөндөп баратат. Кыргыз балдарын жаш чагынан компьютер, мобилдик байланыш аппараттары, ноутбук, планшет, телевизор, видео сыяктуу замандын улам жаңыланып жаткан технологиялары курчап, жазуу маданияты дүйнөсүнөн бир топ алыстап кетти. Мунун өзү балдардын жазуу маданиятынан алуучу руханий, эстетикалык, адептик тарбиясына терс таасирин тийгизип, балдардын арасынан терс көрүнүштөр көбөйүп бара жатат. Мындай терс көрүнүштөрдү алдын алууда, мектептердеги жазуу маданиятынын ролу зор. Соңку жылдары кол жазма сулуулугуна үйрөтүүнүн бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, каллиграфияга үйрөтүүнүн методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө Каллиграфияны окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери системалуу чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет, алар тууралуу аспирант өзүнүн бул изилдөөсүндө кенен сөз кылган.

Диссертациялык изилдөөнүн темасы Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын илим изилдөө иштеринин пландары менен тыгыз байланышта жүрдү. Изилдөө иштерин алгач баштаган мезгилде анын

алдына “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн негиздерин иштеп чыгуу“ ***максаты*** коюлган. Мындай максатты жүзөгө ашыруу үчүн аспирант төмөнкүдөй ***милдеттердин*** чечилишин көздөгөн: Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгына байланыштуу маселелерге иликтөө жүргүзүү жана аларды жалпылаштыруу; педагогикалык факультеттердеги студенттердин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табуу; кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу студенттин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандыруу боюнча экпериментaлдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо; кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандырууда алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштарды даярдоо.

Изилдөө ишинин жыйынтыгында бул милдеттер толугу менен ишке ашырылды. Изилдөө ишинин илимий жаңылыгы, менимче мында турат: жогорку окуу жайынын студенттерине башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун окутуунун жана үйрөтүүнүн, илимий-дидактикалык негиздеринин аныкталышында; мындагы дидактикалык шарттардын, изилдөө методдорунун такталышында; жазуу маданиятын калыптандыруунун методикасынын иштелип чыгышында; жазуу маданиятын калыптандыруунун өздөштүрүү процессинде колдонуунун, аны ишке ашыруунун, студенттин окуучуларга үйрөтүүчү натыйжалуулугун жогорулатуунун дидактикалык шарттары аныкталгандыгында; дидактикалык жана тарбиялык потенциалын аныктоого, ошондой эле кенже мектеп жашындагы балдарга аларды колдонуунун үй-бүлөлүк тарбиялоонун шарттарында колдонуунун өзгөчөлүктөрүн негиздөөгө мүмкүндүк берген концепциялардын иштелип чыгышында.

Изилдөөнүн практикалык мааниси да чоң, анткени кенже мектеп жашындагы балдардын жазуу маданиятын калыптандыруунун дидактикалык шарттары окуу программалары менен окуу китептериндеги абалы анализденип, алар каллиграфия предметин үйрөтүү аркылуу окутуунун заманбап технологиялары иштелип чыгып, практикада колдонууга сунуш кылынгандыгында.

Диссертанттын студенттин окуучуларга жазуу маданиятын калыптандыруу кошкон жеке салымы тууралуу да айтпай кетүүгө болбойт. Кенже мектеп жашындагы балдардын кол жазма сулуулугун калыптандыруунун, үйрөтүүнүн, окутуунун мазмуну, соңку талаптарга жооп бергендей формалары менен технологиялары, ийкемдүү методдору иштелип чыгып, белгилүү бир системага салынды, изилдөөдөн алынган тыянак – натыйжалар, сунуштар изденүүчүнүн өзү же анын катышуусу менен эксперименттик сыноолордон өткөрүлүп, колдонууга сунуш кылынды.

Диссертациянын материалдарынын жарыяланышы тууралуу эки ооз сөз: диссертациялык изилдөө ишинин аспирант тарабынан жүргүзүлүшү жана анын жыйынтыктары боюнча республиканын, чет элдик илимий, илимий-педагогикалык, журналдарга диссертанттын ондон ашуун илимий – методикалык макаласы жарыяланды, диссертант өзү көптөгөн илимий – практикалык конференцияларда ишинин жалпы мазмунун чагылдырган баяндамаларды жасаган, демек, иш жетишээрлик абалда апробацияланды деп айтууга негиз бар. Диссертациялык изилдөөнүн структурасы мындай иштерге коюулуучу ички талаптарга жооп берет, ал киришүү бөлүмүнөн, үч негизги главадан, ар бир главасы үчтөн параграфты камтыйт, корутунду бөлүмдөн, практикалык сунуштардан жана библиографиянын тизмесинен турат. Зарыл деп табылган жерлеринде схема, таблицаларды пайдаланган. Иштин жүрүшүндө берилген даректерге жасаган шилтемелер орундуу жасалган, диссертант илимий ишти аткаруунун илимий жоболору менен маданиятын жакшы өздөштүрүптүр. Жазуу стили жатык, тили жөнөкөй, окуган кишиге түшүнүктүү, аргументтери ынанымдуу, диссертация илимий стилдин талаптарына жооп берет.

Педагогикалык эксперимент иштери үчүн республиканын түштүк регионунун бир катар жогорку окуу жайларын алып, ал жерлерде өзү катышып эксперименталдык – тажрыйба иштерин жүргүзгөнү мага белгилүү.

Диссертант С.Ч.Осмоналиева диссертациялык изилдөөсүн жыйынтыктап жатып, мындай иштин ички логикасына ылайык келген корутунду-бүтүмдөрү абдан ынанымдуу. Айрыкча, баса белгилей турган жагдай – анын жасаган практикалык сунуштары болду, алардын көбү, эгерде ишке ашырылса, өлкөбүздүн билим берүү системасы, тарбия процесси, айрыкча башталгыч мектептин окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу аркылуу алардын каллиграфиясы өз натыйжасын берет деген ишеним бар.

Осмоналиева Сабира Чоёновнанын “Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы мындай изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга толугу менен жооп берет, аны коргоо үчүн кабыл алынуусун диссертациялык кеңешке сунуш кыламын.

**Илимий жетекчи,**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Сакиева С.С.**

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С. С. Сакиеванын колун тастыктайм.
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун АРБУКБнын башчысы* *Акматова А.Т*